*«Акча Булак» МКК»*
*ЖЧКсынын Башкы*
*директору тарабынан*
*07.07.2025-ж.*
*Бекитилди*

*Өзгөртүүлөр бекитилген*
*күн: 20.11.2025-ж*

# КРЕДИТТИК КЕЛИШИМ БОЮНЧА ТАЛАП КЫЛУУ УКУКТАРЫН ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУ ТҮЗҮҮГӨ ОФЕРТА

«Акча Булак» микрокредиттик компаниясы» жабык акционердик коому менен кредиттик келишимди түзгөн жеке жактарга даректелген Кредиттик келишим боюнча талап кылуу укуктарын өткөрүп берүү жөнүндө макулдашууну түзүүгө ушул Оферта (мындан ары – Оферта) Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 396-беренесине ылайык «Акча Булак» микрокредиттик компаниясы» жабык акционердик коомунун (мындан ары – Кредитор) Кредитор менен төмөндө ушул Офертада камтылган шарттарда Кредиттик келишим боюнча талап кылуу укуктарын өткөрүп берүү жөнүндө макулдашууну (мындан ары – Макулдашуу) түзүүгө сунушу болуп саналат.

Макулдашуу ушул Офертада каралган шарттарда Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 394-беренесине, 395-беренесинин 3-пунктуна ылайык Кредитор менен www.akchabulak.kg сайтында (мындан ары – Кредитордун Сайты) жана/же «Мой О! » мобилдик тиркемесинде (мындан ары – Мобилдик тиркеме) жарыяланган ушул Офертада жана «Акча Булак» микрокредиттик компаниясы» жабык акционердик коомунун жөнөкөй электрондук кол тамганы колдонуу тартибинде (мындан ары – Тартип) каралган тартипте Кредиттик келишим түзгөн аракетке жарамдуу жеке жак тарабынан (мындан ары – Карыз алуучу) Кредиттик келишим боюнча талап кылуу укуктарын өткөрүп берүү жөнүндө макулдашууну түзүүгө офертаны кабыл алуу жөнүндө Акцептке кол коюу жолу менен кол коюлган ушул Офертаны кабыл алуу жөнүндө жоопту (мындан ары - Акцепт) Кредитор алган убактан баштап түзүлгөн болуп эсептелет. Акцепт толук жана шартсыз болуп эсептелет, бул Кыргыз Республикасынын 399-, 402-беренелерине ылайык Карыз алуучунун ушул Офертаны түзүүсүн (кол коюусун) жана анын бардык шарттарын кабыл алуусун, ошондой эле Карыз алуучунун Тартипке кошулуусун түшүндүрөт. Акцепт Макулдашуунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат (ушул Оферта сыяктуу эле).

## 1. МАКУЛДАШУУНУН ПРЕДМЕТИ

1.1. Кредитор жана Карыз алуучунун ортосунда анын негизинде Кредитор Карыз алуучуга аталган келишимде аныкталган өлчөмдө жана

шарттарда (мындан ары – Кредиттик келишим) кредит берген кредиттик келишим түзүлдү, ал келишимдин номери Акцептте көрсөтүлгөн. Кредиттик келишимди түзүү Кредитор тарабынан бекитилген кредит алууга өтүнмөнүн негизинде ишке ашырылат.

1.2. Кредитор Кредиттик келишим боюнча талап кылуу укуктарып өткөрүп берүүгө укуктуу, ал эми Карыз алуучу ушуну менен «Банктык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо жана керектөөчүлөрдүн кайрылууларын кароо тартибине карата минималдуу талаптар жөнүндө жобонун» 20-пуктуна ылайык ушул Макулдашуу боюнча талап кылуу укуктарын мүмкүн болгон өткөрүп берүүгө өзүнүн макулдугун тастыктайт, эгер келечекте мындай өткөрүп берүү зарылчылыгы келип чыкса.

1.3. Ушул Макулдашуу боюнча Кредитор ушул Кредиттик келишим боюнча бардык талап кылуу укуктарын толугу менен же анын бөлүктөрүн Акцептте аныкталган үчүнчү жактардын (мындан ары – Жаңы кредитор) пайдасына өткөрүп берүүгө укуктуу, төмөнкүлөрдү кошуп, бирок чектелбестен:

1.3.1. Карыз алуучу Кредиттик келишимдин шарттарын бузган учурда кредиттин негизги суммасын, чегерилген пайыздарды, ошондой эле айыптык санкцияларды (туумдарды, үстөк төлөмдөрдү) алууга укук;

1.3.2. Кредиттик келишимде каралган кредиттин негизги суммасын, чегерилген пайыздарды, айыптык санкцияларды (туумдарды, үстөк төлөмдөрдү), ошондой эле башка төлөмдөрдү, соттук, ошондой эле соттон тышкаркы тартипте өндүрүүгө укук;

1.3.3. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана Кредиттик келишимдин шарттарында каралган тартипте Кредиттик келишимдин шарттарына өзгөртүүлөрдү киргизүүгө укук;

1.3.4. Кредитордо болгон Карыз алуучу жөнүндө маалыматты алууга, иштеп чыгууга жана колдонууга укук;

1.3.5. Кредиттик келишимдин алкагында камсыздалган милдеттенмелерди аткарууну талап кылуу укугу, камсыздоо предметине өндүрүүнү чегерүүнү кошуп, эгер мындай Кредиттик келишим менен каралган болсо.

1.4. Кредиттик келишим боюнча талап кылуу укуктарын өткөрүп берүү Кредитор жана Жаңы кредитор талап кылуу укуктарын өткөрүп берүү жөнүндө өзүнчө келишимге кол койгон жана Жаңы кредиторго өткөрүлүп берилип жаткан укуктар менен байланышкан бардык зарыл материалдар өткөрүлүп берилген убакта ишке ашырылат, эгер Кредитор жана Жаңы кредитор башка мөөнөттү белгилешпесе. Мындай келишим боюнча Кредитордо кредиттерди башкаруу функциясы сакталышы мүмкүн.

1.5. Карыз алуучу талап кылуу укуктарын мындай өткөрүп берүүгө өзүнүн макулдугун тастыктайт жана Жаңы кредиторго талап кылуу укуктарын мындай өткөрүп берүүгө каршылыктарым жок.

1.6. Карыз алуучу Жаңы кредиторду, талап кылуу укуктарын өткөрүп берүү убактысын, негизин, максаттарын жана шарттарын өз

алдынча, бирок Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген чектерде аныктоо укугун Кредиторго калтырат.

1.7. Карыз алуучу Кредиттик келишимдин бардык шарттары боюнча милдеттенмелер кандайдыр бир алып салуулардсыз жана чектөөлөрсүз ушул Макулдашуу боюнча Карыз алуучуда Жаңы кредитордун алдында талап кылуу укуктары өткөрүлүп берилгенден кийин пайда болорун тастыктайт.

## 2. МАКУЛДАШУУНУ ТҮЗҮҮ ТАРТИБИ

2.1. Макулдашуу Карыз алуучунун мобилдик түзүлүшүнө орнотулган Мобилдик тиркемеде же болбосо Кредитордун башка аралыктан тейлөө каналдары, анын ичинде Кредитордун Сайты аркылуу коюлган жөнөкөй электрондук кол тамгасы формасында Карыз алуучунун ушул Офертаны акцептөөсү аркылуу түзүлдү деп эсептелет.

2.2. Карыз алуучу тарабынан жөнөкөй электрондук кол тамганы колдонуу менен жүзөгө ашырылган Акцепт Макулдашууга жазуу жүзүндө өз колу менен кол койгонго барабар болуп саналат. Кредитордун Карыз алуучунун Акцептин алуусу Макулдашууну түзүү болуп эсептелет (Макулдашууну түзүү үчүн Кредитордун ыйгарым укуктуу адамынын кол тамгасы талап кылынбайт).

2.3. Карыз алуучунун жөнөкөй электрондук кол тамгасы катары Кредитор тарабынан түзүлгөн жана Карыз алуучу тарабынан Акцептте көрсөтүлгөн мобилдик телефондун номерине жөнөтүлгөн бир жолку код колдонулат. Жөнөкөй электрондук кол тамга Кредитордун Сайтында жана/же Мобилдик тиркемеде жайгаштырылган Тартиптин шарттарына ылайык Карыз алуучунун өз колу менен койгон кол тамгасынын аналогу болуп саналат.

2.4. Карыз алуучу жөнөкөй электрондук кол тамга менен кол коюлган бул документ кайра кайтарылгыс болуп эсептелерин жана кагаз жүзүндөгү документ катары таанылары түшүнөт.

2.5. Кредитор каалаган убакта Карыз алуучуга ушул Офертаны Акцепттөө сунушун (суроо-талапты) Мобилдик тиркеме жана/же башка аралыктан тейлөө каналдары, анын ичинде Кредитордун Сайты аркылуу жөнөтүүгө укуктуу. Эгерде Карыз алуучу Акцептти ушул Офертада каралган тартипте жүзөгө ашырса, мындай кол коюу Кредитор мындай Акцептти алган убактысына карабастан, Талап кылуу укугун өткөрүп берүү жөнүндө макулдашуунун түзүлүшүн ырастоо үчүн туура жана жетиштүү болуп эсептелет.

2.6. Карыз алуучунун Акцептти жүзөгө ашыргандыгын күбөлөндүрүүчү иш-аракеттердин тартиби, ошондой эле жөнөкөй электрондук кол тамганы колдонуу боюнча Кредитор менен Карыз алуучунун ортосундагы башка мамилелер Тартипке ылайык жөнгө салынат.

## 3. ТАРАПТАРДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

3.1. **Кредитор укуктуу:**

3.1.1. Кредиттик келишим боюнча талап кылуу укуктарын үчүнчү жактарга (Жаңы кредиторлорго) Карыз алуучу кол койгон кредиттик келишим боюнча талап кылуу укуктарын өткөрүп берүүгө макулдуктун жана ушул Макулдашуунун негизинде, Кредиттик келишим боюнча талап кылуу укуктарын өткөрүп берүү убагында Карыз алуучудан кошумча макулдук албастан өткөрүп берүүгө;

3.1.2. Карыз алуучудан Кредиттик келишим боюнча милдеттенмелерди Жаңы кредиторго талап кылуу укуктары өткөрүлүп берилген убакка чейин жана кийин аткарууну талап кылууга;

3.1.3. Жаңы кредиторго өткөрүлүп берилип жаткан укуктар менен байланышкан бардык документтерди жана материалдарды, Кредиттик келишимдин, ага тиркемелердин, Карыз алуучунун карызын тастыктаган документтердин түп нускаларын же күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүн жана башка зарыл материалдарды берүүгө;

3.1.4. Карыз алуучуга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте талап кылуу укуктары өткөрүлүп берилгени жөнүндө билдирүүгө;

3.1.5. Ушул Офертанын өзгөртүлгөн текстин Кредитордун сайтына жана/же Кредитордун бөлүмдөрүндөгү маалымат такталарына жана/же Мобилдик тиркемеге жайгаштыруу аркылуу ушул Макулдашуунун шарттарын бир тараптуу тартипте өзгөртүүгө жана/же толуктоого.

3.2. **Кредитор милдеттенет:**

3.2.1. Талап кылуу укуктарын өткөрүп берүү шарттары боюнча купуялуулукту сактоого жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо, талап кылуу укуктарын өткөрүп берүү келишиминин тарабы болбогон үчүнчү жактарга маалыматты ачыкка чыгарбоого.

3.3. **Карыз алуучу укуктуу:**

3.3.1. Кредитордон Жаңы кредитор жөнүндө маалымат берүүнү, анын ичинде Кредиттик келишим боюнча милдеттенмелерди аткаруу үчүн зарыл болгон анын реквизиттерин жана байланыш маалыматтарын талап кылууга;

3.3.2. Жаңы кредитордун талаптарына каршы каршы пикирлерди билдирүүгө, эгер мындай каршы пикирлер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жоболоруна же Кредиттик келишимдин шарттарына негизделген болсо.

3.4. **Карыз алуучу милдеттенет:**

3.4.1. Талап кылуу укуктары өткөрүлүп берилгенден кийин Жаңы кредитордун алдында Кредиттик келишим боюнча бардык милдеттенмелерди, милдеттенмелер Кредитордун алдында калгандай эле, ошол эле көлөмдө жана шарттарда аткарууга;

3.4.2. Кредиторго жана Жаңы кредиторго Кредиттик келишим боюнча милдеттенмелерди аткарууга таасирин тийгизе турган

жагдайлардын (мисалы, финансылык абалынын өзгөрүүсү ж.б.) келип чыкканы жөнүндө токтоосуз билдирүүгө;

3.4.3. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо, талап кылуу укуктарын өткөрүп берүүгө каршы пикирлерди билдирбөөгө;

3.4.4. Жаңы кредиторго Кредиттик келишим боюнча милдеттенмелерди аткаруу менен байланышкан бардык зарыл маалыматты жана документтерди Жаңы кредитордун суроо-талабы боюнча берүүгө.

## 4. ЖООПКЕРЧИЛИК

4.1.1. Кредитор талап кылуу укуктарып өткөрүп бергенден кийин Карыз алуучунун Кредиттик келишим боюнча милдеттенмелерин аткарбоосу же талаптагыдай аткарбоосу үчүн жоопкерчилик тартпайт, эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында же Жаңы кредитор менен келишимде башкача каралбаса.

4.1.2. Карыз алуучу Кредиттик келишим боюнча милдеттенмелерин аткарбоо же талаптагыдай аткарбоо үчүн Жаңы кредитордун алдында милдеттенмелер Кредитордун алдында калгандай эле көлөмдө жоопкерчилик тартат.

4.1.3. Карыз алуучу талап кылуу укуктары үчүнчү жактарга өткөрүлүп берилген учурда Кредиттик келишим боюнча милдеттенмелерди бузуу үчүн жоопкерчиликтен бошотулбайт.

## 5. ТАЛАШ-ТАРТЫШТАРДЫ ЧЕЧҮҮ ТАРТИБИ

5.1. Тараптар ушул Макулдашууну аткаруу менен байланышкан талаш-тартыштарды сүйлөшүүлөр жолу менен чечүүгө милдеттенет.

5.2. Сүйлөшүүлөр жолу менен жөнгө салынбаган кандай болбосун талаш-тартыштар жана пикир келишпестиктер Кредиттик келишимде каралган талаш-тартыштарды чечүү тартиби жөнүндө шарттарга ылайык сот тартибинде чечилет.

## 6. БАШКА ШАРТТАР

6.1. Ушул Оферта Карыз алуучу аны Акцепттеген убактан баштап күчүнө кирет жана Карыз алуучу Кредиттик келишим боюнча милдеттенмелерди толугу менен аткарганга чейин күчүндө болот.

6.2. Паролдорду, коддорду жана башка идентификаторлорду колдонуу жөнөкөй электрондук кол тамганы колдонуу болуп таанылат. Жөнөкөй электрондук кол тамга өз колу менен койгон кол тамганын аналогу болуп таанылат. Карыз алуучунун жөнөкөй электрондук кол тамганы колдонуусу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өз колу менен койгон кол тамгадай эле юридикалык кесепеттерди жаратат. Офертаны Акцепттөө, б.а. Карыз алуучунун жөнөкөй электрондук кол

тамганы колдонуу менен түзүлгөн Макулдашууга кол коюусу жөнөкөй жазуу жүзүндө жүзөгө ашырылган бүтүмгө барабар жана Карыз алуучунун өз колу менен кол койгон кагаз түрүндөгү акцепттей эле юридикалык күчкө ээ.

6.3. Тараптар жер титирөө, суу ташкыны, өрт, согуш жана согуш аракеттери сыяктуу ал жеткис жагдайлардан же башка Тараптардын эркине көз каранды болбогон башка жагдайлардан улам ушул Макулдашуу боюнча өзүнүн милдеттенмелерин аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн жоопкерчиликтен бошотулат. Карыз алуучу бул жагдайлар башталган учурдан тартып эки жумуш күндүн ичинде бул жөнүндө Кредиторго билдирүүгө милдеттүү, Кредитор ал жеткис жагдайдын келип чыкканы жөнүндө тиешелүү маалыматты Кредитордун Сайтына жана/же Мобилдик тиркемеге жайгаштыруу аркылуу Карыз алуучуга билдирүүгө укуктуу. Көрсөтүлгөн ал жеткис жагдайдын бар экенинин жана алардын узактыгынын талаптагыдай далили болуп Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык компетенттүү органдар тарабынан берилген маалымкаттар же башка документтер эсептелет. Ал жеткис жагдайлардын келип чыкканы жөнүндө Тараптарга билдирүү талап кылынбайт, эгерде мындай жагдайлар далилдөөнүн атайын каражаттарына муктаж болбогон жалпыга маалым мүнөзгө ээ болсо. Ал жеткис жагдайлар келип чыккан учурда, Тараптардын ушул Макулдашуу боюнча милдеттенмелерин аткаруу мөөнөтү мындай жагдайлар болгон мөөнөткө жылдырылат.

6.4. Карыз алуучу Акцептте көрсөтүлгөн Карыз алуучунун катталган дареги жана иш жүзүндө жашаган дареги (эгер алар бири-биринен айырмаланса), электрондук дареги, ошондой эле мобилдик телефонунун номери актуалдуу жана чындыкка дал келерин жана Карыз алуучунун ушул даректеринин (электрондук даректи кошкондо) бирине жана/же телефон номерине жөнөтүлгөн кандай болбосун кат-кабарлар, билдирүүлөр жана башка маалыматтар талаптагыдай жеткирилди деп карала тургандыгын тастыктайт, эгерде Карыз алуучу Кредиторго дарегинин жана/же электрондук дарегинин жана/же телефон номеринин алмашканы жөнүндө белгиленген тартипте билдирбесе. Кандай болбосун, Кредиторго белгилүү болгон Карыз алуучунун акыркы дарегине жана/же электрондук дарегине жана/же мобилдик телефон номерине билдирүүнү же билдирүүнүн толук мазмунуна шилтемени камтыган СМС-билдирүүнү жөнөтүү жолу менен жеткирилген кандай болбосун кат-кабар талаптагыдай жеткирилген болуп каралат. Кандай болбосун кат-кабар Карыз алуучунун катталган дарегине жана/же анын акыркы белгилүү жашаган дарегине жана/же почта аркылуу жөнөтүлүшү мүмкүн. Эгерде кат-кабар почта аркылуу жөнөтүлгөн болсо, Карыз алуучу кат-кабарды чынында алганына/албагынан карабастан, билдирүү Карыз алуучуга кат-кабарды почта менен жеткирүүнүн нормалдуу тартибине ылайык жеткирилген болуп эсептелет. Эгерде кат-кабар электрондук дарекке же СМС-билдирүү аркылуу жөнөтүлгөн болсо, Карыз алуучу бул билдирүүнү алганына/албаганына же окуганына/окубаганына карабастан, кат-кабарды Карыз алуучу алган күн болуп тиешелүү билдирүү Карыз алуучунун электрондук дарегине же мобилдик телефонунун номерине жөнөтүлгөн күн эсептелет.

6.5. Карыз алуучу талап кылуу укугун өткөрүп бергенден кийин Жаңы кредитор Карыз алуучунун милдеттенмелеринин аткарылышынын жүрүшү жөнүндө маалыматтарды, анын ичинде карыздын өлчөмү, төлөө графиги, мөөнөтүн өткөрүү фактылары жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка маалыматтарды кредиттик бюрого(-лорго) өткөрүп берүүгө укуктуу жана милдеттүү экендиги жөнүндө маалымдалды жана макул болду.

6.6. Макулдашууда каралбаган шарттар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Кредиттик келишимге жана ишкердик жүгүртүү салттарына ылайык жөнгө салынат.

6.7. Бардык суроолор боюнча Карыз алуучу 0702000405 телефон номери аркылуу күнү-түнү иштеген Байланыш борборуна же Кредиторго кайрыла алат.

Карыз алуучунун мобилдик түзүлүшүнө жөнөтүлгөн кодду киргизүү аркылуу Карыз алуучунун жөнөкөй электрондук кол тамгасы менен кол коюлду.